*Аблешов Т.А., Темирбек уулу И., Эркинбек кызы С.*

# ИЧКИ ТЯНЬ-ШАНДЫН АЙМАГЫНДАГЫ СУГАТ ТАРМАКТАРЫНЫН АБАЛЫ ЖАНА АНЫН СУГАТ ЖЕРЛЕРИН МЕЛИОРАТИВДИК ЖАКТАН ЖАКШЫРТУУДАГЫ РОЛУ

*Аблешов Т.А., Темирбек уулу И., Эркинбек кызы С.*

# СОСТОЯНИЕ ОРОСИТЕЛЬНОЙ СЕТИ ВНУТРЕННЕГО ТЯНЬ-ШАНЯ И ЕЕ РОЛЬ В УЛУЧШЕНИИ РЕКУЛЬТИВАЦИИ ОРОШАЕМЫХ ЗЕМЕЛЬ

*T.A. Ableshov, Temirbek uulu I., Erkinbek kyzy S.*

# STATUS OF THE IRRIGATION NETWORK IN THE INTERNAL TIAN-SHAN AND ITS ROLE IN IMPROVING THE RECOVERY OF IRRIGATED LAND

*УДК: 504, 631. 4*

*Макалада азыркы мезгилде Ички Тянь-Шандагы сугат тармактарынын абалына токтолуп, суу ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу менен сугат жерлеринин абалын жакшыртуу каралган*

***Негизги сөздө:*** *ички Тянь-Шань, суу, сугат системасы, жайыттар, мелиорация, каналдар, сууну жоготуу, коллектордук-дренаждык система.*

*В статье характеризуется современное состояние орошаемых систем Внутреннего Тянь-Шаня, рациональное использования водных ресурсов и улучшения состояние орошаемых земель*

***Ключевые слова:*** *внутренний Тянь-Шань, вода, орошение, пастбища, мелиорация, каналы, потери воды, коллекторно-дренажная система.*

*The article describes the current state of irrigated systems of the Inner Tien Shan, the rational use of water resources and the improvement of the state of irrigated lands.*

***Key words:*** *inner Tien Shan, water, irrigation, pastures, melioration, canals, water losses, collector-drainage system.*

Ички Тянь-Шандын суу чарба курулуштары боюнча көптөгөн иштер аткарылууда. Өткөн кылымдын башында сугат иштери Фергана жана Чүй өрөөндөрүндө гана өнүксө, 1980-жылдардан бери бардык зоналарда, өзгөчө, тоолуу мал багылуучу зоналарда тоют базаларын чыңдоо максатында өнүгүүдө. Бийик тоолуу чабынды жана жайыт зоналарынын зор аймактарында сугаруу жана жакшыртуу иштери башталган. Акыркы жылдары долбоорлоодо жана объектилерди курууда, өзүнчө курулуштары эмес, жалпы сугат системаларын куруу күч алган. Мында бир эле мезгилде комплекстик инженердик максаттар: шилендилер, ташкындар, селдер менен күрөшүү жана автоматиканын элементтерин киргизүү чечилген. Техникалык жактан чечүү көп өлчөмдө, дарыя агымын башкаруу, чектеш дарыя бассейндерин жана сугат системаларын бириктирүү ошондой эле сугат системаларында пайдалуу аракет коэффицентин көтөрүү таасир берет.

Ички Тянь-Шанда өткөн кылымдын 90-жылдары өзгөчө жакшыртуу иштери аткарылган. Ак-Талаа районундагы Ала-Буга жана Жумгал районундагы Боз-Тектир каналдары 1991-жылы пайдаланууга берилип, каналдардын узундугу 230км ге өскөн, сугат торчолору гидротехникалык курулуштар менен жабдылышы көбөйгөн. Андан бери Ички Тянь-Шандын аймагында каналдар курулган эмес. Бул, болуп жаткан экономикалык шарттарга байланыштуу, мурдагы чарбалардагы катнаштардын бузулушунан, иштеп жаткан системалардын талкаланышына алып келип, бул иштерди токтоткон. Көптөгөн суу чарба объектилери профилактикалык ремонттордун жоктугунан катардан чыккан. Ички Тянь-Шандагы гидротехникалык курулуштар, насостук станциялар эксплуатацияланып келе жатканына 30-40 жыл болуп, кээ бир насостук станциялардын эскилиги жеткен. Мисалы, Нарын районундагы 5000 гектардан ашык жерди сугат суусу менен камсыз кылган «Куланак» насостук станциясы 1968-жылы ишке берилген. Азыркы кезде насостук станциянын жабдуулары иштөө мөөнөтүн эки-үч эсе көп өтөдү жана комплекстүү реконструкция иштерин талап кылууда. Акыркы жылдары чет өлкөлүк инвестициянын негизинде Кочкор өрөөнүндөгү «Топон-Кеңеш» магистралдык каналын, Орто-нарын өрөөнүндөгү «Чоң-Бактыгул» башкы суу алуучу курулушун жана «Ала-Буга» насостук станциясынын башкы суу алуучу курулушун реконструкция кылышкан. Ушуга байланыштуу региондо ирригация системаларын калыбына келтирүү жана өнүктүрүү үчүн биздин оюбуз боюнча, төмөнкү техникалык жакшыртуу иштерди жүргүзүү туура болот деген ойдобуз.

Биринчи кезекте төмөнкү иштерди, Ички Тянь-Шанда орун алган сугат системаларын кайра түзүүнү, жакшыртууну аткаруу. Айтсак Ак-Талаа районундагы «Ала-Буга» насостук станциясынын башкы суу алуучу курулушун, «Чегиртке» каналын, Ат-Башы районундагы «Өмүкө» каналынын башкы суу алуучу курулушунун сол жээк дамбасын, Жумгал районундагы «Кара-Кече», «Түгөл-Суу» каналдарын техникалык жактан кайра куруу иштерин жүргүзүү. Мындай жакшыртуу иштери узак убакыттан бери жүргүзүлүп келген, бирок бул иштерди комплекстик жактан эмес, өзүнчө аткаруу алдыңкы милдеттердин бири. Негизинен каналдарга бир жерден суу берүү жана андагы сууну жоготууну кыскартуу, жарыш

сугат системаларын жоюу, сугарууну пландоо жана сугат курулуштарын жабдууну кайра жүргүзүү. Ушуга байланыштуу сугат системаларын техникалык жактан жабдууну кайрадан жүргүзүүнү бирдиктүү, жакшыртуу комплексин кылдаттык түрдө иштелген долбоорунун негизинде өткөрүү керек [4]. Ал сугат системаларын толук бойдон - сугат булактары менен суу топтоочу жайлардан тартып сугат талаалары же бороздорго чейин камтыйт. Ушундай иш чаралардын негизинде эффективдүү пайдалануу маселесин чечүүгө болот. Сугат системаларын техникалык кайра жабдуунун комплекстик маселесинде негизги орун, сугат булактарында суу агымдарын башкаруу, дарыя нуктарында жана сугат каналдарында сууну жоготууну азайтуу, ошондой эле сугаруунун жаңы ыкмаларын киргизүүгө берилет. Системаларды кайра жабдуу иш аракеттеринин комплексинин курамына, жаңы сугат жерлерин айыл чарбада пайдалануу жана аларда комплекстик сугат системаларын куруууну камтыш керек. Жогоруда айтылгандардан тышкары өтө актуалдуусу сугат каналдарында жана суу сактагычтардын түбүндө сарыгып сиңип кетүүгө каршы күрөшүү саналат [1]. Бул багытта каналдарды жабык түтүктөргө алмаштыруу перспективдүү болот. Жогорку эффективдүүлүктү бетон, темирбетон жана аштоолук тармактар да бериши мүмкүн (1-табл). Тажрыйба көргөзгөндөй, суунун сарыгып сиңүүсүнө каршы күрөшүүдө жакшы техникалык-экономикалык эффективдүүлүктү суу сактагычтардын таманына полиэтилен пленкасын төшөгөндө берет. Мындай полиэтилен пленкасы төшөлгөн суу сактагычка Ички Тянь-Шандын аймагындагы Ат-Башы жана түштүктөгү Төрт-Күл суу сактагычы мисал боло алат. Мындан сырткары, акыркы жылдарда аба-ырыйынын жылый башташы да өзөн сууларынын агымдарынын көбөйүшөнө шарт түзүп, негизги суу алуучу объектилерди коргоо үчүн кошумча гидротехникалык курулуштарды куруу зарылдыгын пайда кылууда.

*1-таблица*

**2014-жылдагы ар түрдүү каптоосу бар каналдардын үлүшү.**

| Каптоосунун түрлөрү | Каналдардын узундугу, км менен | |
|---|---|---|
| | Чарба аралык | Чарба ичинде |
| Түтүктөр | 2,21 | 20,7 |
| Аштоолор | 44 | 253,8 |
| Бетон, темирбетон | 282,2 | 266,6 |
| Топурак нуктуу | 634,1 | 1771,2 |

Экинчиден сугат системаларын кайра жаңылоочу комплекстик иштерге, азыркы кездеги дыйканчылык жерлерди мелиоративдик жакшыртуу иш чаралары кирет. Сугат жерлеринин абалын мелиоративдик жакшыртуунун негизги иш аракеттерине, грунт сууларынын деңгээлин жана минералдуулугун төмөндөтүү, дренаждарды куруу, сазданууу жана шордонууга каршы күрөшүү кирет [5]. Мисалы: Кочкор өрөөнүндөгү «Тармалсаз» коллектордук-дренаждык тармагын тез аранын ичинде тазалоо иштерин жүргүзүү. Ички Тянь-Шанда мелиоративдик жактан начар жерлерге негизинен дренаждардын ачык түрү курулат, бирок кийинки жылдары көпчүлүк учурларда жабык түрүн куруу күч алды. Ички Тянь-Шанда 2000-жылга карата коллектордук-дренаждык тармактар 1,2 миң га жерде курулган. Бул курулуган дренаждардын көп бөлүгү Кочкор жана Ортонарын өрөөндөрүндө. Колектордук-дренаждык тармактардын 83 пайызы горизонталдык ачык тибинде, жабык жана вертикалдык түрдөгү коллектордук дренаждар 17 пайызды түзөт. Жалпы коллектордук-дренаждык тармактардын узундугу 119км, анын ичинен жабык түрүндөгүсү 49,8 км ге жетип, 325 гидротехникалык курулуштар бар. Талдап көрсөк, областын аймагындагы бардык коллектордук-дренаждык тармактын 85 пайызы Кочкор районуна туура келет экен. Грунт сууларынын деңгээлин жана минералдуулугун көзөмөлдөп туруу үчүн 105 скважина курулуп анын 65 иштеп жатат [2].

Бүгүнкү күндө айыл өкмөттөрүнүн карамагындагы коллектордук-дренаждык тармактарды кармоодо жана эксплуатациялоодо көптөгөн иштер аткарылбагандыктан кээ бир аймактарда грунт сууларынын деңгээли көтөрүлүп жатат. Мындай жерлерге областтын Чекилдек, Чолпон, Молдо-Кылыч, Ак-Талаа, Арсы, Ак-Муз жана Кочкор айылдары жана алардын айдоо аянттары кирет.

Азыркы мезгилде механикалык жол менен тазалоо иштерин төмөнкү объектилерде жүргүзүү талапка ылайык:

1. Тармалсаз коллектордук-дренаждык тармагы – 7 км.
2. Дөң-Алыш коллектордук-дренаждык тармагы – 2,2км.
3. Орток коллектордук-дренаждык тармагы – 1,8 км.
4. Куу-Мамы коллектордук-дренаждык тармагы – 2,5 км.
5. Чекилдек коллектордук-дренаждык тармагы – 2,5км.
6. Бугүчү коллектордук-дренаждык тармагы – 0,7км.
7. Ак-Жар коллектордук-дренаждык тармагы – 1,3 км.
8. Ак-Моюн коллектордук-дренаждык тармагы – 4,2 км.
9. Кызыл-Жылдыз коллектордук-дренаждык тармагы – 1,1 км.

Ошентип, жалпысынан 23,3км коллектордук-дренаждыктармагын тазалоо өтө актуалдуу даражага жетти. Мындан тышкары Молдо-Кылыч айлында жаңы коллектордук-дренаждык тармакты куруу талапка ылайык. Кочкор жана Ат-Башы райондорундагы грунт сууларынын деңгээлине толук байкоолорду жүргүзүү үчүн кошумча 40 скважина куруп жана 43 скавжинаны калыбына келтирүү керек [2].

Сугат жерлеринин абалын мелиоративдик жактан мындан ары жакшыртууда бирден бир негизги иш, каналдарды каптоону туура тандоо жана айыл-чарба өсүмдүктөрүн сугарууда прогресивдүү ыкмаларды киргизүү болуп эсептелет. Мында айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүнө ар түрдүү сугат

ыкмалары таасир тийгизип, топуракты иштетүүнүн ыкмаларынын экономикалык эффективдүүлүгү жана сугат талааларында сарыгып сиңүүнү азайтуунун натыйжасында сугат сууларын үнөмдөө актуалдуу маселе болуп эсептелет. Азыркы мезгилде сугаруунун прогрессивдик жаңы ыкмаларынын ичинен жаадырып сугаруу таралган, бирок салыштырмалуу чектелген масштабда.

Республикадагы адистердин оюу боюнча, сугат системаларын техникалык реконструкция айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүн жогорулатууга жол берет. Азыркы сугарылган жерлерде түшүмдүүлүктү көтөрүүдөн тышкары, сугат системасын кайра куруу менен сугат жерлеринин аянттарынын көбөйүшүнүн жана суу-жер ресурстарын толук пайдалануунун натыйжасында эффективдүүлүк жогорулайт [3]. Сугаруунун ички булактарынын агымын активдүү башкаруу, суу ресурстарын пайдалануунун коэффициентин жогорулатуудагы бирден бир негизги иш аракеттер болуп саналат. Бул иш чаралар ташкын жана тартылуу агымдарын толук пайдаланууга, суу ресурстарынын булактарын үнөмдүү бөлүштүрүүгө жана суусу мол жылдары сууларды топтоо, же болбосо дарыя агымын көп жылдык башкарууга өтүү мүмкүндүгүн түзөт. Суу агымын мезгилдик жана көп жылдык башкаруу максатында суу сактагычтар, андан тышкары декадалык жана суткалык бассейиндер курулат. Чоң эффективдүүлүккө агымды көп тепкичтүү жөнгө салууда жетишет. Мында суу башына жана сугат системаларында бир нече суу сактагычтар курулуп, суу агымын көп жолку кайра бөлүштүрүүгө мүмкүндүк берет.

**Адабияттар:**


1. Аблешов Т.А., Төрөкулова А. Пути предотвращении потери воды в каналах Внутреннего Тянь-Шаня. // Проблемы и перспективы развития горных территорий. Вестник ИГУ им. К.Тыныстанова. Вып. 1. - Каракол, 2002. - С. 109-115.
2. Аблешов Т.А. Водно-земельные ресурсы средне и высокогорных долин Внутреннего Тянь-Шаня. Автореф. канд. дисс. - Б., 2009. - С. 3-12.
3. Бекболотов Ж. Создание и рациональное использование сеяных орошаемых сенокосов в высокогорьях Внутреннего Тянь-Шаня. Автореф. канд. дисс. - Фрунзе, 1994. - 16 с.
4. Жумакулов М.Ж., Аблешов Т.А. Почвенные ресурсы Внутреннего Тянь-Шаня и вопросы их улучшения. // Проблемы и перспективы развития горных территорий. Вестник ИГУ им. К.Тыныстанова. Вып. 3. - Каракол, 2004. - С. 3-7.
5. Чодураев Т.М. Экономическая география Кыргызской Республики. - Бишкек, 2009. - С. 32.


**Рецензент: к.геогр.н., доцент Тенирбердиев Н.К.**